**Алтымыш негизги мектебинин 2020-2021- окуу жылына карата тарбия иштеринин онлайн билим беруу учурундагы жарым жылдык отчет.**

1-сентябрь "Билим күнүндө" салтанаттуу линейка онлайн түрүндө өткөрүлүп, сонунда 1-9-класстарга "Менин сүйүктүү Кыргызстаным" деген темада онлайн сабактар өтүлдү.

Мектептеги жетим, жарты жетим, аз камсыз болгон үй бүлөлөрдүн балдарынын тизмеси такталды.

Жыл башында кыргыздын улуттук музыкалык аспабын даңазалоо максатында "Комуз күнү" иш чарасы онлайн түрүндө өткөрүлд.

Мамлекеттик тил күнүнү карата кыргыз тилинин декадасы башталып онлайн түрүндө конкурстар, корком окуу сынактары өткөрүлүп, дилбаяндар жаздырылды.

1-октябрь карылар күнүнө карата «Карылар- тордун корку, Карысы бардын ырысы бар, Карынын кебин капка сал» аттуу темаларда класстык сааттар онлайн өткөрүлүп, окуучулар чоң ата, чоң апаларына видеокуттуктоолорун жөнөтүштү.

Мугалимдер күнүнө карата «Мугалим мөмөлүү дарак» аттуу онлайн майрамдык концерт окуучулар тарабынан уюштурулуп, мугалимдик кесиптин маанилүүлүгү окуучуларга жеткирилди. «Түшүм майрамында» окуучулар арасында "Мыкты колдор" сынагы онлайн түрүндө жүргүзүлүп, окуучулар өздөрүнүн кол өнөрчүлүктөрүн видео түрүндө жөнөтүшүп, слайддар жасалды.

«Манас жаштары» жана профилактика кенешинин отурумдары убагында откорулуп,   план боюнча иш алып барылды.

11-ноябрдан тартып “Физика адам баласынын жашоосунда” аттуу физика декадасы онлайн түрүндө өткөрүлүп, ачык сабактар, члайд конкурстары, белгилүү физиктер менен видеотаанышуулар жүргүзүлдү.

1-декабрь СПИД  ге  каршы күрөш кнүнө  карата «СПИД- коркунучтуу дарт», «СПИД-21 кылымдын оорусу» , “СПИД ге жол жок!” темасында класстык жана тарбиялык сааттар өтүлдү.   Видео тасмалар көрсөтүлүп,  дубал гезиттери чыгарылды.

4-декабрь “Манас Күнү” белгиленип  окуучулар көркөм окуу өткөрүштү.

12-декабрь КР Эл жазуучусу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата бурч уюштурулуп, айтматовдун чыгармалары боюнча тестик суроолор берилди, дубал гезиттери чыгарылды.

Жаңы жылдык балатыга класстар арасында сүрөт, дубал гезиттери конкурсу уюштурулду.

Мектеп директору: Н.С.Джусупова.